КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын II-кезексиз сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 23-июлу № 39** **Барскоон айылы**

## Барскоон айыл аймагынын 2024-2027-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесине жана жергиликтүү кеңешинин ргламентине ылайык, күн тартибиндеги Барскоон айыл аймагынын 2024-2027-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасын угуп, талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын 2024-2027-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевга тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин туруктуу комиссияларына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска

**№1 тиркеме**
Барскоон жергиликтүү кеңешинин
2024-жылдын 23-июлундагы
№39 токтому менен бекитилди

**Жети-Огуз районунун**
**Барскоон айыл аймагынын**

# СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ

**Барскоон айыл аймагынын**
**2024-2027-жылдарга**
**социалдык-экономикалык өнүгүү программасы**

| 1-БӨЛҮК . АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ | |
|---|---|
| Географиялык абал | Барскоон айыл аймагы Ысык-кол облусунун чыгыш тарабындагы Жети-Огуз районунда жайгашкан. Аймак чыгыштан Жаргылчак айыл аймагы менен, батыштан Кун Чыгыш айыл аймагы менен чектешет Айыл аймактын борбору Барскоон айылы. Райондук борбор Кызыл-Суу айылынан 45 км алыстыкта, облустук борбордон 100 км, Кыргызстандын борбору Бишкек шаарынан алыстыгы 350 км де жайгашкан.<br>Айыл аймагы 2024-жылы 25-март Токтом № 5 уюштурулган. Курамагына Барскоон,Тосор, Тамга, Караколка, Соок айылдары кирет. |
| Жалпы аянты (га) | 179114 кв.км |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Барскоон тоолуу аймак, деииз денгээлинен 1750метр бийиктикте жайгашкан. Кескин континенттик климат айыл чарбасынын өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Кыш мезгили 4 айга созулат жана катуу кар менен коштолот. Минималдуу төмөнкү температура 12ºС жетиши мүмкүн. Жай мезгилинде температура 20 ºС чейин жетиши мүмкүн. Жайында орточо температура 15 ºС, кышында 8ºС |
| БарскоонАА калкы (адамдар),<br>анын ичинде: | 15 429 адам, анын ичинен аялдардын саны 8217 адам |
| Барскоон айылы | 8887 адам 1685 кожолук |
| Тамга айылы | 3751 адам 1105 кожолук |
| Тосор айылы | 2736 адам 670 кожолук |
| Караколка сырткы айылы | 53адам 21кожолук |
| Соок | 2 адам 2 кожолук |
| СЭӨПтүн максаты | СЭӨПтүн максаты:<br>Барскоон айыл аймагы келерки 5 жыл аралыгында айыл аймагынын экономикасы өскөн, анын ичинде аялдардын ишкерлиги колдоого алынган, туристтик индустрия өнүккөн, калкты тейлөө борбору, санарип багытында ишке ашырылган, жашоочуларга бардык шарттар түзүлгөн аймакка айланат. Жалгыз бой энелерге, майыптыгы бар адамдарга, жетим балдарга көңүл өзгөчө бурулуп, жаштар дени сак, экологиясы таза аймакта жашашат. |

**2 БӨЛҮК . КАЛК**

**2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары**

| Категория | *Факт* | | | *күтүү* | *Болжолдоо* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 |
| **Калктын жалпы саны** (жыл башындагы туруктуу калктын саны, адам) | 15142 | 15222 | 15312 | 15397 | 15473 | 15550 | 15627 |
| *Өсүү темпи (%)* | | *0,5%* | *0,6%* | *0,6%* | *0,5%* | *0,5%* | 0,5% |
| алардын арасында аялдар | 8025 | 8040 | 8030 | 8027 | 8027 | 9025 | 9070 |
| **Эмгекке жарамдуу курактагы калк** (адамдар) | 8290 | 8305 | 8325 | 8375 | 8400 | 8425 | 8467 |
| *Өсүү темпи (%)* | | *0,2%* | *0,2* | *0,6%* | *0,3%* | *0,3%* | *0,5%* |
| алардын арасында аялдар | 2550 | 2555 | 2548 | 2552 | 2565 | 2572 | *2584* |
| **Иш менен камсыз болгон калк** (адамдар): | 1110 | 1114 | 1124 | 1133 | 1182 | 1250 | 1300 |
| алардын арасында аялдар | | | | | | | |
| Айыл чарба | 1038 | 1038 | 1038 | 1038 | 1065 | 1100 | 1190 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| өнөр жай | 32 | 34 | 38 | 45 | 60 | 80 | 98 |
| *Иштетүү* | | | | | | | |
| *Электр энергиясы* | | | | | | | |
| Курулуш | | | | | | | |
| Соода | 40 | 42 | 48 | 50 | 60 | 70 | 82 |
| Транспорт жана байланыш | | | | | | | |
| Башка кызматтар (гос) | | | | | | | |
| Кайра иштетүү | | | | | | | |
| **Жумушсуз калк** (адамдар) : | 448 | 452 | 480 | 472 | 466 | 450 | 430 |
| *Өсүү темпи (%)* | *-4,1%* | *-0,8%* | *-6,9%* | *-1,6%* | *-1,2%* | *-3,4%* | *-4,4%* |
| алардын арасында аялдар | | | | | | | |
| **Жакырчылыктын чегиндеги калк** (адамдар) | 192 | 187 | 180 | 171 | 164 | 157 | 148 |
| *Өсүү темпи (%)* | | *-2,6%* | *-3,7%* | *-5%* | *-3,7%* | *-3,7%* | *-5,73* |
| **Миграцияланган эмгекке жарамдуу калк** (эл аралык миграцияга байланыштуу кеткендер, адамдар) | 405 | 412 | 415 | 317 | 289 | 264 | 230 |
| *Өсүү темпи (%)* | *-2,5%* | *-1,7%* | *0,7%* | *-23,6%* | *-8,6* | *-8,6* | *-9.9%* |

**2.2. Эмгекке жарамдуу калктын санынын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу маселелерин жана эмгек миграциясын талдоо**

Калктын өсүшүнүн болжолу жылына калктын өсүшүнүн 0,5 % ын түзөт. Келечекте ички жана тышкы миграциянын өсүшү күтүлбөй тургандыгы, ошондой эле калктын сырттан агылып келиши эске алынган. Ошондой эле аймакта санариптештирүүнүн жыйынтыгы менен бир канча адамдын учету башка жакка которулуп кеткендигине байланыштуу калктын саны 2023-жылы азайып кеткен. 2024-жылы жалпы айыл аймактын жалпы калктын саны 15397 адамды түздү, анын ичинде 7946 эркектер, 8027 киши аялдар. 2023-жылы төрөлгөн балдардын саны 142 ни түзсө, каза болгондордун саны 98 жаран.

**Эмгекке жарамдуу калктын саны** 2023-жылы эмгекке жарамдуу калктын саны 8375 адамды тузду, 2024 жылы 2023-жылга салыштырмалуу 50 жаранга көбөйгөн. Орто мөөнөттүү келечекте эмгекке жарамдуу калктын өсүшү жогорку темптерди көрсөтпөйт жана болжол менен ошол эле деңгээлде сакталат 2027 -жылга чейин эмгекке жарамдуу калктын саны 92 адамга көбөйүшү күтүлүүдө.

Барскоон ААда расмий катталган **жумушсуздардын** саны 2023-жылы 480 адамды түзсө, 2024-жылы 472 адамды түзүп, 8 адамга кыскарган. бул эмгекке жарамдуу калктын 1,6% түзөт. Жумушсуздардын санын азайтууда төмөндөгүдөй көйгөйлөргө туш болууда:

- өнөр жай өндүрүшүнүн жана чакан бизнестердин начар өнүгүшү.

Жумушсуз жарандардын санын азайтуу үчүн айыл аймагында жаңы жумуш ордуларын түзүүгө көмөктөшүү керек. 2029-жылга чейин жумушсуз адамдардын санын 50 жаранга азайтуу пландалууда.

**Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын** саны 2023-жылы 415 адам болсо, 2024-жылга 317 адамды түзду Акыркы жылдары калктын арасында ички жана тышкы миграциялык азайганы байкалууда. Чет өлкөдөгү кырдаалга байланыштуу мигранттардын көбүнчү бөлүгү кайтып келишти. Миграциядан кайтып келген эмгекке жарамдуу калкты жумуш менен камсыз кылууда төмөнкү иш чараларды ишке ашыруу талап кылынат:

- жаштарга ар кандай тренингдерди жана билим берүү курстарын табууга жана бүтүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- үйдө отурган аялдарды тигүү цехтерине жумушка тартууга жардам берүү;
- бизнес ачууда калкка жардам (консультация, жер аянттын бөлүп берүү ж.б.) көрсөтүү.
- жаштарга айыл аймакта талап көп болгон айыл чарба жана агрономия тармагындагы окуулардан окуусуна кенеш берүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

**3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР ЖАНА**

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА

### 3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура

| Категория | Факт | | | күтүү | Болжолдоо | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 |
| Таза ичүүчү сууга жетүү (%) | 42% | 45% | 59% | 80% | 79% | 89% | 90% |
| Үй чарбаларын катуу калдыктарды чыгаруу менен камтуу (%) | 30% | 45% | 50% | 60% | 65% | 70% | 80% |
| Ички асфальтталган жолдор канааттандырарлык абалда (%) | 9% | 10% | 11% | 13% | 15% | 25% | 30% |
| Коомдук жайларды жарыктандыруу (%) | 20% | 30% | 40% | 60% | 70% | 80% | 100% |
| Спорт секцияларына тартылган жарандардын саны (адамдар) | 180 | 200 | 300 | 400 | 500 | 700 | 1000 |
| Маданият тармагындагы ийримдерге тартылган жарандардын саны (адамдар) | 200 | 500 | 500 | 600 | 700 | 800 | 900 |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 25 | 30% | 40% | 50% | 60% | 70% | 80% |
| Балдарды орто билим берүүгө камтуу (%) | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| 10 000 калкка эсептегенде врачтардын жана орто медициналык персоналдын саны (аймак боюнча) | 25 | 25 | 28 | 32 | 36 | 40 | 50 |
| Калкты турак-жай менен камсыз кылуу (%) | 10,0 | 10,0 | 10,0 | 10,0 | 10,0 | 10,0 | 10,0 |

### 3.2. Учурдагы кырдаалды талдоо

Калктын муктаждыктарын аныктоо боюнча чогулуштар өткөрүлгөн: 2024-жылдын 5-июнда чогулуш өткөрүлүп, төмөндөгү көйгөйлөр аныкталды: жер маселеси, сугат суу үчүн, каналдардын ремонту, таштандыны бирдиктүү бир жерге төгүү, муниципалдык жолдун абалы (асфальттоо), Маданият үйүнүн, клубдардын ремонту, жарыктандыруу маселелери, жайыт маселеси. Катышуучулардын саны жалпы 125 адам, анын ичинен аялдар 84.

**Таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу** :

Ичуучу суу СОВП Тосор, МИ «Токсо Булак», МИ Таза-Суу, МИ Тарылга Булак ушул 4 ишкана Барскоон айыл аймагын ичүүчү суу менен камсыз кылып келген. АТР ден кийин баардык ишканаларды бириктирип, бир гана муниципалдык ишкана ачылып документтер даярдалып мыйзамдаштырылууда. Бекитилген тарифтер дагы ар түрдүү мисалы Барскоондо 20 сом болсо Тамгада 33 сомдон. Тарифтер дагы кайра каралып чыгуу иштери пландаштырылууда. Ичүүчү суунун төлөмдөрүн калк өз убагында төлөбөй келет.

2024-жылга карата калктын 80% гана таза суу менен камсыз болгон, анткени Барскоон айыл аймагынын 30% суу түтүктөрү эскирип, жараксыз, жаңы конуштарга кошумча суу түтүктөрү тартыла элек, ичүүчү суу менен камсыздоонун тарифтик саясаты бекитилген, бирок баасы чыгымдарды жаппай жатат, тарифти кайрадан иштеп чыгуу зарылчылыгы туулат, калк көбүнчө бөлүгү таза суу үчүн төлөмдөрдү өз убагында төлөбөй келет.

Барскоон айылынын ичүүчү суусу аздыгына байланыштуу 12 саат гана берилет. Барскоон айылынын ичүүчү суу системасы 60 % киргизилген азыркы убакта Туюк коктусунан кошумча суу тартылып келет. 2027- жылга карата Барскоон айылынын калкынын 100 % ичүүчү суусу камсыз болору пландаштырылууда.

Тосор айылы таза суу системасы 100 % киргизилип суу менен камсыз болгон.

Тамга айылы таза суу системасы 80 % киргизилген, 2023-жылы Тамга айылынын эски суу системасы жергиликтүү бюджеттен 3 000 000 сомго жасалган. Тамгада 4 көчөгө суу тартылуу пландаштырылууда. Суунун 20 % агын суунун системасы менен алынып келинген. 2024- жылы дагы 20% суу системасы ремонттоо иштери жүргүзүлөт.

**Үй чарбаларын катуу тиричилик калдыктарды чыгаруу менен камтуу 60% деңгээлде гана жүргүзүлүүдө:**
Барскоон айыл аймагынын айылдарында катуу таштандыларды чогултуу, чыгаруу уюштурулган, бул кызматты “Актүз”муниципалдык ишканасы алып барат. Барскоон айылынын 1266 кожолукка таштанды чыгаруу кызматты уюштурулган, Таштанды тарифи болжолдуу түрдө кожолукка 100 сомдон жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген. Калк тарабынан жылына 100 000 сом гана акча каражат чогулат. Таштанды чыгаруу тарифи экономикалык жактан негиздүү иштелип чыккан эмес. Абоненттер менен келишим түзүлө элек. Билинг системасы орнотула элек. Айыл окмот тарабынан “Актүз” МИсын колдоо максатында жылына (субсидия катары) 500 000 сом которулуп берилет. Барскоон айыл аймагында 3 таштанды таштоочу полигону бар, айланасы курчалган. Көмүү иштери жүргүзүлүп турат. Сортоо иштери уюштурулган эмес. Керектүү санитардык жана экологиялык талаптарга толук жооп бербейт, эко паспорт алуу жана мыйзамдаштыруу максатында тиешелүү иштер жүргүзүлүп жатат. Бирок алар жетишсиз.
Жыйынтыгында бул кызмат төмөнкү көйгөйлөр менен коштолот:

- Айыл амактын бардык тургундары үчүн таштанды чыгаруу кызматы АТРдан кийин жеткиликтүү деңгээлде уюшулбаган;
- Элдин таштандыга болгон көз карашын оңдоо максатында түшүндүрүү иштери жетишсиз;
- Келишимдер бардык калк менен түзүлбөгөн;
- Катуу тиричилик таштандыларды чогултуу, ташып чыгаруу жана көмүү боюнча тарифтер экономикалык жактан негиздүүэмес;
- Аярлуу топторго субсидияны кароонун зарылдыгы;
- Полигонго сортто иштеринин уюштурулбагандыгы;
- Экопункттарды ачуунун керектиги. Таштандылардын көп бөлүгү туура эмес сорттолбой же жок кылынбайт, бул таштанды полигонун башкарууга мүмкүн болбогон башаламандыкка алып келет;
- Таштанды контейнерлеринин жетишсиздиги;
- Адамдардын ден соолуктарына терс зыяндарын келтирет;
- Барскоон айыл аймагы туристтик эс алуучу жайлар көп болгондуктан туристтердин азайышы күтүлөт.

**Ички жолдордун абалы: Айыл аймактын ички жолдорунун узундугу жалпы145 км тузот.** 2024-жылы **Барскоон айыл аймагындагы** асфальтталган жолдордун үлүшү **15 км, гравий менен түздөлгөн жолдордун үлүшү 70 км түзөт**.
Барскоон айыл аймагынын жол тармагы төмөнкүдөй көйгөйлөргө туш болууда:

Барскоон айыл аймагындагы ички жолдорду асфальттоого каражат жетишсиз;

- Айыл ичиндеги чоң жолдун боюнда жөө жүргүнчүлөр үчүн тротуардын жоктугу;
- Керектүү сандагы жол белгилеринин жоктугу;
- Кээ бир үй чарбаларында үй, тосмо же дубал тротуар линиясына чейин созулат;
- Таштак жолдордо шагыл жок;
- Ички жолдорду калыбына келтирүүгө тиешелүү техникалардын жетишсиздиги

**60 %** асфальтталган жолдорго жетишүү күтүлүүдө, бул үчүн жыл сайын **6 км** жолго асфальт төшөө жана гравий төгүү керек.

**Коомдук жайларды көчөлөрдү жарыктандыруу**:
Барскоон, Тамга, Тосор айылдарынын борбордук жана ички көчөлөрүнө 60 % жарыктандырылган.
2025-2027-жылдарга чейин калган көчөлөргө 100% жарыктандыруу киргизилет.

**Спорт**: Барскоон айылында 2024 жылга катарта спортко тартылган жашоочулардын саны 400 адамды түздү. Айыл аймакта валебол, футбол, шахмат, дюздо секциялары уюштурулган. Кичи футбол аянтчасы, чон футбол аянтчасы бар кечкисин жаш куратагы балдар футбол ойношот. Тамга айылында фитнес клуб ачылып спорттук инветарь сатылып алынуусу пландаштырылууда. Барскоон айылына 2024-жылы спорт комплекс курулууга иш кагаздары даярдалып жатат. 2027-жылга карата спортко катышуучулардын саны 1000 адамга чейин өсүүсү пландаштырылууда.

**Маданият**: Барскоон айыл аймагын 1 маданият үйү бар, Тамгада 2 маданият үйү, 1 музыкалдык мектеп, Тосордо 1 маданият үйү, 8 китепкана бар. 2024- жылга катара 2175 китеп окурамандары катталган, маданий иш чараларга катышкан 600 киши. Комуз, бий, ийримдер бар. 2025-2027-жылдары Барскоон маданият үйү капиталдык муктаж. Тосор маданият үйү республикалык бюджеттен 82 000 000 сом акча каражаты бөлүнүп, куруу иштери башталды.
Тамга маданият үйүн капиталдык ремонттоо үчүн стим.грантка өтүп республикалык бюджеттен 4 578 000 сом, 4 578 000 сом бөлүндү. 2027-жылга карата маданият иш чараларына тартылган адамдардын саны 900 чейин өсүтүрүү пландаштырылууда.

**Балдарга мектепке чейинки билим берүү**:
Барскоон айылында 2 бала бакча, Тамга айылында 1 бала бакча, Тосор айылында 1 бала бакча. Барскоон айылындагы бала бакча жетишсиздигине байланыштуу Барскоон айылындагы Көк-Ой участкасында 100 орундук, «Орумбаев Турганбай атындагы бала бакчасына кошумча 3 тайпа, Тамга айылындагы «Байчечекей» балдар бакчасына 2 тайпа ачууга пландаштырылап 2027 жылга карата 80% камсыз кылуу пландаштырылууда.

**Балдарды орто билим берүүгө камтуу**: Барскоон айылында 2 мектеп, Тамга айылында 1 мектеп, Тосор айылында 1 мектеп бар. Мектепке барган окуучулардын саны 2300. Тамга айылына жалпы орто билим берүү мекемеси жетишсиз кошумча 1-4-баштапгыч класстарга имарат курууга муктаж. Мугалимдердин

**Медицина тармагы**: Барскоон айыл аймагында 1 оорукага, Тамга айылында 1 поликлиника жана тез жардам бригадасы бар, ал 5 айылды тез жардам кызматы менен камсыз кылат, Тосор айылында 1 ФАП бар, Баардык айылдарда дарыгерлер жетишсиз, Барскоон айылынын ооруканасы капиталдык ремонтко муктаж. Азыркы учурда Барскоон айылынын станционардык дарылоочу уюштуруу имараттын 1-кабаттын толук ремонт иштерин жүрүдө;

**Калкты турак жай менен камсыз кылуу:**
Барскоон айыл аймагында 850 адам үй салууга жер тилкесин сурагандыгы боюнча арыздарын жазышкан, азыркы убакта трансформация иштерин жүргүзүүгө иш кагаздары даярдалууда. Тамга, Тосор айылдарындагы КБФнан 1 га жерди көп кабатттуу үй салууга иш кагаздары даярдалууда, донорлор изделүүдө.

| **3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарын талдоо** | | | |
|---|---|---|---|
| **Приоритет** | **Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана убакыт** | **Болжолдуу** наркы ( миң Ом ) |
| | | **Билим берүү тармагы** | |
| Мектепке чейинки билим берүү | Тосор айылында “Бугу эне” балдар бакчасына 50 бала орун кошуу. | Тосор айылынында 50 бала мектепке чейинки билим менен камсыз болот | Жергиликтуу бюджет 1 100.000 |
| Мектепке чейинки билим берүү | Тамга айылындагы балдар бакчасына 100 орун кошуп куруу | Тамга айылынында 100 бала мектепке чейинки билим менен камсыз болот 2024-ж | Жергиликтуу бюджет 890 000 |
| Жайлоо балдар бакчасы | Жайлоо балдар бакчасына шарт түзүп берүү | Каникулда балдардын бош убактысын өткөрүүгө шарт түзүлөт 2024-ж. | Жергиликтуу бюджет 100 000 |
| Барскоон айылында Кок-Ой конушуна 100орундуу бала бакча куруу. | Барскоон айылында Кок-Ой конушуна 100орундуу бала бакча куруу. | Барскоон айылынында 100 бала мектепке чейинки билим менен камсыз болот 2024-ж | Республикалык бюджет 93 280 000 |
| | | **Спорт жана маданият тармагы** | |
| Маданият | Тосор айылында маданият уйун куруу | Айыл элинин маданиятын көтөрүү жана жакшы жашоого үндөө иштери жүргүзүлөт | республикалык бюджет 82млн 2024-ж |
| Маданият | Тамга айылында Конференц зал куруу. | Калктын дарамети көтөрүлөт Айыл элин заманбап окууларга чакырып, алга үндөө иштери жүргүзүлөт. 2024-ж | 3 млн Өнүктүрүү фонд - 1 500 000 Жергиликтүү фонд- 1 500 000 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Маданият | Тамга айылындагы маданият үйүнө ремонт иштерин жүргүзүү. | Калктын маданиятка болгон кызыгуусун өстүрүлөт<br>Маданиятты сыйлоо жана өзүн өнүктүрүү максатындагы тарбия иштери жургузулот.<br>2024-ж | стим.грант<br>9млн<br>республикалык бюджет - 4 500 000 |

| **3.4. Социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө байланышкан бюджеттик инвестициялардын зарылдыгын талдоо** | | | |
|---|---|---|---|
| **Инвестициялык артыкчылыктар** | **Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана артыкчылык** | **Наркы** |
| Таза суу | Барскоон айылынын жашоочуларын таза суу менен камсыз кылуу<br>“Туюк суу” каналынан суу тартып келүү | Калктын ден соолугуна камкордук көрүлөт жана калк таза суу менен камсыз болот | жергиликтуу бюджет<br>11млн<br>2024-2025-ж.ж. |
| Ички жол | Ички жолдорду асфальттоо Барскоон айылы Эшмамбет көчөсү 700м | Транспорт жолдору ондолуп, жашоо жеңилдеп, убакыт үнөмдөлөт | стим. гранд<br>6  045 000<br>2024-2026-ж.ж. |
| Ички жол | Ички жолдорду асфальттоо Барскоон айылы Ленин көчөсү 700м | Жолдор ондолуп жашоо шарт жакшырат | стим. Грант<br>2 200 000<br>2025-2026-ж.ж. |

**4-БӨЛҮМ. ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ**

**4.1. ( таблица) Экономикалык өнүгүү (миң сом)**

| Категория | *Факт* | | | *күтүү .* | *Болжолдоо* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 |
| Экономиканын негизги тармактары боюнча өндүрүштүк фонддор: | | | | | | | |
| Жер | | | | | | | |
| Имараттар | | | | | | | |
| Обьекттер | | | | | | | |
| Тармактык инженерия | | | | | | | |
| машиналар жана жабдуулар | | | | | | | |
| Транспопт каражаттары | | | | | | | |
| Башкалар | | | | | | | |
| **Экономиканын негизги тармактары боюнча товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү:** | | | | | | | |
| **Айыл чарба** | | | | | | | |
| Өсүмдүк өстүрүү | 61600 | 61600 | 61650 | 61645 | 61650 | 61690 | 61750 |
| Мал чарбасы | 2400 | 2430 | 2437 | 2437 | 2500 | 2700 | 2900 |
| өнөр жай | | | | | | | |
| Иштетүү | | | | | | | |
| Тоо-кен | | | | | | | |
| Электр энергиясы | | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Курулуш | | | | | | | |
| Соода | | | | | | | |
| Транспорт жана байланыш | | | | | | | |
| Башка кызматтар | | | | | | | |
| Калдыктарды кайра иштетүү | | | | | | | |
| **Инвестициялар** | | | | | | | |
| Айыл чарба | | | | 2437 | 24 37 | 2437 | 2437 |
| өнөр жай | | | | | | | |
| Иштетүү | | | | | | | |
| Тоо-кен | | | | | | | |
| Электр энергиясы | | | | | | | |
| Курулуш | | | | | | | |
| Соода | | | | 54 | 61 | 65 | 70 |
| Транспорт жана байланыш | | | | | | | |
| Башка кызматтар | | | | | | | |
| Кайра иштетүү | | | | | | | |
| Калдыктарды кайра иштетүү | | | | | | | |
| **Калктын кирешеси:** | | | | | | | |
| Орточо номиналдык эмгек акы | 10000 | 10000 | 12000 | 12 000 | 14000 | 20 000 | 22 000 |
| Эмгек мигранттарынын которуулары | 43000 | 43000 | 45000 | 50 000 | 80 000 | 100000 | 110000 |
| Пенсиянын орточо өлчөмү | 3500 | 4000 | 4000 | 4000 | 6500 | 7000 | 10 000 |
| Жөлөкпулдардын орточо өлчөмү | 1200 | 1200 | 1200 | 1200 | 1500 | 2000 | 3000 |
| Чакан жана орто бизнестен түшкөн орточо киреше | 43000 | 43000 | 43000 | 50 000 | 60000 | 70 000 | 80 000 |
| АЖМФ жерлерин өздөштүрүү (%) | | | | | | | |
| Жайыт жерлерин өздөштүрүү (%) | | | | | | | |

**4.2. Учурдагы кырдаалды талдоо жана экономикалык адистештирүү**

Айыл аймагында экономикалык өнүгүүнүн негизги тармактары болуп мал чарбачылыгы, айыл чарбасы, өндүрүш жана туризм тармагы болуп эсептелет. Ар бир тармакка токтоло кетсек:

**Мал чарбачылыгы** калктуу айыл аймагында, жеке фермерлердин иш аракеттерине байланыштуу. Айыл аймагынын территориясында ири мүйүздүү мал, кой-эчки жана жылкы өстүрүү алдынкы приоритет. Малдын саны жыл санап өсүп, сапаттуулугунда маселелер жаралып келет. Мал чарбачылыгын өнүктүрүүдө төмөндөгүдөй көйгөйлөргө туш болууда: Айыл аймагында 2023-жылга карата эттин өндүрүлүшү 2538т, сут 13426л, 42т бээ сүтү.

Бул багыттагы көйгөйлөр:

- Жайыт аянттарынын тардыгы;
- Асылдуулуктун төмөндүгү;
- Тоюттун жетишсиздиги;
- Мал ооруларынын көбөйүшү;
- Айыл чарба багытындагы жерлерин эффективсиз пайдалануусу;

- Сугат суусунун тартыштыгы;
- Сапаттуу үрөндүн жетишсиздиги;
- Туруктуу сатуу өнөктүгүнүн жоктугу;
- Техникалардын жетишсиздиги;
- Мал чарбасынын продукцияларын сатууда рыноктун стабилдүү болбой, баалардын кепилдигинин жоктугу;

2029-жылга чейин малдын 90% сапаттуу, асыл тукум мал чарбасына өтүү пландалууда. 2026-жылга чейин айыл аймагындагы кайрак жерлер трансформацияланып, айдоо аянттарынын көбөйүшү пландалууда.

**Айыл чарба тармагы:** айыл аймагынын экономикалык өнүгүүсүндө айыл чарбасынын дагы үлүшү чоң. Айыл аймагынын аймагында климаттык оор шарттарга карабастан, **айыл чарба өсүмдүктөрүн мындан ары өнүктүрүү үчүн жакшы өбөлгөлөр бар** . Калктуу конуштун жерлеринде мөмө жемиштер - алма, өрүк, алмурут, кокон гиляс, картошка, көп жылдык жана бир жылдык тоют өстүрүлөт. Айыл чарба продукциясын өндүргөндөн кийин, продукцияны сатуунун жана сактоонун кепилденген рыногунун жоктугуна байланыштуу көйгөйлөр бар.
Айыл чарбаны өнүктүрүүдө төмөндөгүдөй көйгөйлөргө туш болууда:

- Сапаттуу үрөндүн жоктугу;
- Дыйкандардын жер иштетүү боюнча тажрыйбасынын жетишсиздиги,
- Сугат сууларынын жетишсиздиги;
- Климаттын өзгөрүшү
- Өндүрүүчүлөр үчүн жеңилдетилген кредиттердин жеткиликтүү эместиги;
- Күйүүчү майдын баасынын туруксуздугу;
- Айыл чарба продукциясын сатуу боюнча туруктуу соода түйүндөрүнүн жоктугу;
- Айыл чарба продукциясын экспорттоого шарттын жоктугу;
- Кайра иштетүүчү ишканалардын жетишсиздиги.

**Туризм тармагы:** айыл аймагында жыл өткөн сайын жанданып келүүдө. 2023-жылы кымыз менен дарылоо, 21 эс алуучуларды кабыл алуу жайлары туристтерди жана жергиликтүү тургундарды кабыл алып кызмат көрсөтүшүүдө. Туризм тармагын өнүктүрүүдө төмөндөгүдөй көйгөйлөргө туш болууда:

- Туристтерге сервистин жоктугу
- Барскоон айылынын ичүүчү суусу 12 саат берилгендиктен көйгөйлөрдү жаратат;
- Балыкчы-Барскоон автожолу жаңы жасалып жаткандыктан жол көйгөй жаратууда;
- Аба-ырайынын туруксуз болуусу;
- Күйүүчү майдын кымбатташы;

**4.3. Экономикалык өнүгүү муктаждыктарын талдоо (анын ичинде тике (жеке) инвестициялар**

| **Приоритет** | **Мүмкүн болгон иш-чаралардын жана долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана убакыт** | **Болжолдуу наркы (мин сом )** |
|---|---|---|---|
| Малдарды жасалма уруктандыруу пунктун ачуу | Айыл өкмөтү пунктка орун бөлүп берүүгө көмөк көрсөтөт.<br>Ишкерлердин инвестицияларынын эсебинен керектуу жабдуулар жана материалдар сатып алынат, ошондой эле адистердин консультациялары төлөнөт. | Малдын саны туут көбөйүшү күтүлүүдө 15 % | *Ишкерлердин каражаттары* |
| Мал чарбачылыгы | Тамга айылында малды дарылоо максатында “Купка” куруу | Малдын ылаңын алдын алуу максаты ишке ашат | жергиликтуу бюджет<br>1 500 000<br>2024-2025-ж |
| Мал чарбачылыгы | Раскол (мал камоочу жай) | Малды дарылоо иштери ишке ашат | жергиликтуу бюджет<br>400 000<br>2024-2025-ж |
| Сугат суу | Суу канал лотокторун ондоп түзөө | Сугат иштери жакшырат жана калктын жашоосу жакшырат | жергиликтүү бюджет<br>200 000<br>2024-2025 |

**5-Бөлүм Инклюзивдик өнүгүү**

**5.1. (таблица) Инклюзивдик өнүгүү** (адамдар)

| **Категория** | *Факт* | | | *күтүү .* | *болжолдоо* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021** | **2022** | **2023** | **2024** | **2025** | **2026** | **2027** |
| Ишке жарактуу мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар | 437 | 438 | 440 | 442 | 440 | 430 | 420 |
| Ишке жарамсыз болгон мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар | 102 | 104 | 104 | 105 | 103 | 102 | 100 |
| Жакыр адамдар | 42 | 37 | 38 | 32 | 25 | 20 | 15 |
| Турмуштук оор кырдаалга туш болгон балдар | 230 | 232 | 238 | 236 | 220 | 210 | 200 |
| Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөр | 120 | 123 | 123 | 136 | 120 | 112 | 101 |
| Алыскы калктуу пункттардын калкы | 23 | 23 | 23 | 23 | 28 | 30 | 30 |
| Эмгек мигранттардын жашы жете элек балдары (адамдар) | 113 | 124 | 115 | 113 | 102 | 80 | 75 |
| Этникалык азчылык | 350 | 352 | 359 | 359 | 340 | 345 | 347 |
| Аялдар | 8025 | 8040 | 8030 | 8027 | 8075 | 9025 | 9070 |
| Аялдар (жалпы калктын %) | 52,9 | 52,8 | 52,4 | 52,1 | 52,1 | 57,9 | 58% |
| Карылар (жалгыз) | 21 | 20 | 20 | 21 | 15 | 9 | 9 |
| Калктын бардык категорияларынын аялуу топторунун (аялдарды кошпогондо) калктын жалпы санындагы жалпы үлүшү (%) | *9,49* | *9,55* | *9,53* | *9,54%* | *6,61* | *6,18* | *8,24* |

**5.2. Учурдагы кырдаалды талдоо**

Барскоон ААнын аймагында калктын аярлуу топторуна кирген жарандардын жалпы саны 2024 жылга карата 1065 адамды түзөт. **2027-жылга** карата бул көрсөткүч жалпы калктын **920 адам болот.** Бул өтө чоң көрсөткүч эмес жана жакынкы жылдарда олуттуу өспөйт. Калктын аярлуу топторунун структурасында ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар басымдуулук кылат - 50, 4% .

**Барскоон АА калкынын аярлуу топтору:**




Жыл сайын калкты социалдык жактан колдоо боюнча комплекстүү программанын алкагында аз камсыз болгон жарандарга жана калктын жан башына орточо кирешеси жашоо минимумунан төмөн болгон үй-бүлөлөргө мамлекет тарабынан жөлөк пул берилип келет.

Учурда аз камсыз болгон калкты социалдык жактан колдоо үчүн айыл өкмөтүндө түзүлгөн комиссия даректүү, экстремалдык жардам алууга, субсидияларды, балдарга жөлөк пулдарды каттоого документтерди даярдайт.

Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын үй-бүлөлүк абалына жана ден соолугуна жана ички, тышкы миграциядагы жарандардын балдарына туруктуу мониторинг жүргүзүлөт. Жыл сайын жакырчылык менен күрөшүү боюнча атайын план түзүлүп, ишке ашырылууда.

Калктын аялуу катмары менен иш алып барууда төмөндөгүдөй көйгөйлөр туш болууда:

- ишке жарамдуу аярлуу катмар үчүн жумуш орундарынын жоктугу:
- ДМЧ адамдардын коомдук жайларда жүрүүсүнө шарттардын жетишсиздиги;
- Инклюзивдик топко кирген жарандар үчүн атайын долбоорлордун аздыгы, окуу тренингдердин жоктугу.
- Дискриминациялоону жоюу максатында инклюзивдик билим берүүнүн жоктугу;
- Медициналык жактан аярлуу катмарына дары-дармек тарабынан жардам берүүнүн аздыгы;
- Айыл жергесинде ДМЧ адамдардын кызыктыруу максатында спорттук аянтчасынын жоктугу;

2027-жылга чейин Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан даректүү материалдык жардамдан тышкары, калктын аярлуу катмарынын өкүлдөрүн иш менен камсыз кылуу боюнча бир катар чараларды көрүү пландалууда. Аларды кол өнөрчүлүккө жана айыл чарба өндүрүшүнө тартуу пландалууда.

**5.3. Инклюзивдик өнүгүү муктаждыктарын талдоо**

| **Артыкчылык** | **Мүмкүн болгон чараларды жана долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана убакыт** | **Болжолдуу** наркы ( миң сом ) |
|---|---|---|---|
| Аярлуу катмардын Билим берүүнү жана жумуш менен камсыз кылууну жакшыртууга колдоо көрсөтүү | Азык-түлүк программасы аркылуу калктын аярлуу катмарын окутууну уюштуруу | 2023-2025 | - |
| Калктын жакыр бөлүгүн колдоо | Кышкысын көмүр сатып алуу үчүн каражат бөлүү | Ар жылы | - |
| Кошумча киреше алуу үчүн үй кожойкелерин ишке орноштуруу | АА калктын аярлуу катмарындагы аялдарды иш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрүн табуу үчүн ишкерлер жана өкмөттүк эмес уюмдар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү | 2023-2026 | - |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жакырчылыкты азайтуу үчүн калктын аярлуу топторунун арасында өсүмдүк өстүрүү боюнча ар кандай тажрыйбаларды жайылтуу | Жаңы ыкмалар менен ар кандай дары чөптөрдү, суу крести жана чычырканактарды өстүрүү боюнча тажрыйба алмашуу аркылуу киреше булактарын кеңейтүү | 2023-2026 | - |
| Бардык каражаттар жергиликтүү бюджеттен | | | |

## 6-БӨЛҮМ . МЕЙКИНДИК

### 6.1. (таблица) Мейкиндик

| Категория | Факт | | | күтүлгөн | болжолдоо | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 |
| Аймактын жалпы аянты (га) | 152184 | 152184 | 152184 | 152184 | 152184 | 152184 | 152184 |
| **Жер укуктун зоналары (га):** | | | | | | | |
| Айыл чарба жерлери(бардыгы): | 3533,8 | 3533,8 | 3533,8 | 3533,8 | 3570 | 3570 | 3570 |
| Анын ичинен айдоо жерлери | 3533,8 | 3533,8 | 3533,8 | 3533,8 | 3570 | 3570 | 3570 |
| Кайрак жер | 367 | 367 | 367 | 367 | 300 | 300 | 300 |
| Сугат жер | 3167 | 3167 | 3167 | 3167 | 31 | 31 | 31 |
| **Жайыттар** | 53 500 | 53 500 | 53 500 | 53 500 | 53500 | 53500 | 53500 |
| Анын ичинен жеке менчик | | | | | | | |
| **ГФСУ** | 206 | 206 | 206 | 206 | 206 | 206 | 206 |
| Иш жүзүндө колдонулган | 163 | 163 | 163 | 163 | 160 | 160 | 160 |
| Колдонулбаган (баланс) | 43 | 43 | 43 | 43 | 43 | 43 | 43 |
| Өнөр жайынын,транспорттун,байланыштын,коргоонун жана башка багыттагы жерлер | 12 | 12 | 12 | 12 | 12 | 12 | 12 |
| Иш жүзүндө колдонулат | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Колдонулбаган (баланс) | 10 | 10 | 10 | 10 | 10 | 10 | 10 |
| **Калк жашаган жер (бардыгы)** | 970 | 970 | 970 | 970 | 970 | 970 | 970 |
| Анын ичинен турак жай турган | 240 | 240 | 240 | 240 | 240 | 240 | 240 |
| Иш жүзүндө колдонулган | 240 | 240 | 240 | 240 | 240 | 240 | 240 |
| Колдонулбаган (баланс) | | | | | | | |
| **Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жерлери** | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| **Токой фондунун жерлери** | 4200 | 4200 | 4200 | 4200 | 4200 | 4200 | 4200 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Суу фондусунун жерлери** | | | | | | | |
| **Запас жерлер** | 319 | 319 | 319 | 319 | 319 | 319 | 319 |
| Иш жүзүндө колдонулган | 200 | 200 | 200 | 200 | 200 | 200 | 200 |
| Колдонулбаган (баланс) | | | | | | | |
| Айыл аймактагы айыл чарба жерлеринин жалпы аянтындагы иш жүзүндө пайдаланылган айыл чарба жерлеринин үлүшү (%) | 90 | 90 | 90 | 90 | 95 | 95 | 95 |
| инженердик инфраструктура менен камсыз болгон жер участокторунун аянтынын үлүшү (%) | 70 | 70 | 70 | 70 | 75 | 75 | 75 |
| инженердик инфраструктура менен камсыз болгон өндүрүштү жайгаштырууга арналган участокторунун үлүшү (%) | 50 | 50 | 50 | 50 | 60 | 60 | 60 |
| **Категория боюнча пайдаланылбаган же кошумча жерлерди пайдалануу зарылдыгын болжолдоо (га)** | 350 | 350 | 350 | 350 | 350 | 350 | 350 |
| айыл чарба жерлери | 3533,8 | 3533,8 | 3533,8 | 3533,8 | 3533,8 | 3533,8 | 3533,8 |
